***Джаналиева Н.К.-*** *КМЮАнын*
*жарандык процесс жана*
*нотариат кафедрасынын мугалими*
**УДК 347.998 (575.2)**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ АДМИНИСТРАДИВДИК СОТ ОНДУРУШУНУН УКУТУК НЕГИЗДЕРИ ЖАНА АЛАРДЫН ТОСКООЛДУКТАРЫН ЧЕЧУУ ЖОЛДОРУ

***Аннотация:*** *Бул беренеде автор административдик сот өндурушунун тоскоолдуктарын жана алардын чечуу жолдорун карайт.*

***Аннотация:*** *В этой статье рассмотрены пути решения проблем в административно судебном процессе.*

***Annotation:*** *The author considers the concept and open administrative proceedings its problems and solutions.*

***Ключевые слова:*** *Административдик сот өндурушу, мамлекеттик бийлик органдар, мыйзам, административдик укук.*

***Ключевые слова:*** *Административный судебный процесс, государственные органы власти, закон, административное право.*

***Keywords:*** *Administrative litigation, government agencies, law, administrative law.*

*Административдик сот өндурушу-* бул ачык укуктук талаштарды чечуу учун соттук процессуалдык иреттуулук. Конституциянын 93-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын административдик сот өндурушу өз алдынча бөлунгөн, жарандык, кылмыш жана Конституциялык сот өндурушу менен катар [1].

Бирок, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары административдик сот өндуруш тушунугун так камтыбайт, анткени административдик та-лаш-тартыштар жарандык процессуалдык кодекс менен жөнгө салынат, кээ бир алынуулар башка мыйзамда көрсөтулгөн (Мисалы: Салык кодекси жана административдик жоопкерчилик кодекси).

Кыргыз Республикасында административдик сот өндурушу расмий таанылуларга ээ боло элек, бирок мамлекеттик орган жана кызмат адамынын процессуалдык мамилелерин (жарандык жана административдик сот өндурушунде 26 главада жөнгө салынган.)[2]

Кыргыз Республикасынын мыйзамында жарандык иштин тушунугунун бир бөлугун тузгөн административдик иштердин тушунугун мындайча колдонот.Бул иштер административдик укуктук мамилелерден келип чыгат жана бул иштердин тараптары болуп мамлекеттик бийлик ор-гандары,

жергиликтуу башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары ошондой эле жарандар жана юридикалык жактар болуп эсептелинет.

Бирок, административдик талаштар жана аларды ошондой эле ачык укуктук талаштар деп атайт, бул талаштарды кароонун өзгөчөлуктөрунө ыйгарылган укуктук ченемдердин көпчулугу, өзгөчөлугу жана алардын жарандык процессуалдык ченемдер менен болгон макулсуздугун кароодо-алардын соттук практикада колдонууда кыйынчылыктарды тузөт.

Колдонулган мыйзамдардын базасынын кемчилигинин себеби болуп ачык укуктук талаштар боюнча сот өндурушунун өзгөчөлугунун илимий-теоретикалык жактан карап чыгуу иштеринин жетишпестиги болуп эсептелет.Бул тоскоолдуктар эки укуктук илимий тармагынын изилдөө предметин тузөт: жарандык процессуалдык илим жана административдик укуктук илим.

Бул жерде суроо пайда болот эмне учун административдик иштер боюнча сот ендурушу жарандык процессуалдык кодекс тарабынан женге салынган? Бул жерде мыйзам чыгаруучу ачык укуктук талаштарды (административдик) кароону доолук өндурушкө максималдуу турдө жакындатып койгондугун байкасак болот, жана сот өндурушун турлөргө бөлуунун критерийи катары укукка болгон талаштын бардыгын же жоктугун колдонгон.

Ооба,чындыгында бул шарт менен макул болуусу керек, себеби жарандык укуктук менен административдик укуктук талаштар биринчиден укук боюнча талаштар болуп эсептелинишет [3].

Бирок мыйзам чыгаруучу Кыргыз Республикасынын Конституциясында сот өндурушту турлерге белуусу башкача критерий аркылуу көрсөтулгөн фактыны эсепке албаган, Кыргыз Республикасынын Конституциясында керсеткен сот тарабынан каралып чыгууга муктаж болгон укук боюнча талаштын материалдык укуктук мейкиндиги.Бул мейкиндик ар бир сот өндуруш турунун соттук тартибин өзгөчөлуктөрунө жана коргоонун ыкмаларына таасир этет.Доолук өндуруштун ичинде ачык укуктук жана жеке укуктук мунөздөгу иштерди кошуу бир гана Кыргыз Республикасынын Конституциясына дал келбегенден сырткары мамлекеттин жана коомдук кызыкчылыктарына тиешелуу болгон ачык укуктук талаштарды кароодо жана чечуудө өзгөчө жактардын кызыкчылыктарын коргоого багытталган, жеке укуктук мунөздөгу эрежелер жана принциптер колдонулуп башталышына алып келиши мумкун.

Белгилеп кетсек, ачык (административдик) укуктук мамилелер бул коомдук ачык кызыкчылыктардын келбети.

Мен жогоруда белгилеп кеткендей, административдик иштердин милдеттуу турундө тарабы болуп, мамлекеттик органдар жана жергиликтуу башкаруу органдары, жана алардын кызмат адамдары болуп эсептелинет. Бул органдардын бийликтик ыйгарым укуктары укуктук мамиледеги тараптардын тең-укуктуулук эместиги жөнундө кабарлайт. Ошондой эле бир учурда сотко чейинки тартиптеги ачык укуктарды мажбурлоо турундө колдонуу мумкунчулугун жаратат.

Ушуну менен катары, төмөндөгудей жыйынтык кылууга мумкун,административдик сот өндуруш Кыргыз Республикасынын негизги мыйзамында көрсөтулгөн ченем катары жарандык процессуалдык укуктун илиминде өзунун теоретикалык есуусун албады. Анткени административдик укуктук мамилелердин мунөзу жана материалдык укуктун мейкиндиги сот өндуруштун өзунчө турун талап кылат.

Автор эсептейт, административдик сот өндурушу Конституция тарабынан укук адилеттуулугунун өз алдынча бутагы катары алып чыгуусу, мыйзам чыгаруучу административдик иштерди кароо боюнча соттордун ишмердуулугун толук көлөмдө процессуалдык ченемдер менен камсыз кылууга милдеттендирилишет.

Административдик сот өндуруш - бул аткаруу бийликтин органдарынын жана жергиликтуу органдарынын ишмердуулугу эмес,бул өзгөчө тартипте каралуучу административдик иштерди кароо боюнча сот өндуруштун өзгөчө туру,бул сот ендуруш административдик процессуалдык укуктук ченемдери менен жөнгө салынат [4].

Административдик юрисдикция жергилуктуу соттордон, аткаруу бийликтин органдарынан жана жергилуктуу башкаруу органдарынан уюйштуруу тартибинде бөлунуп чыгышы керек. Бир гана административдик юрисдикциясынын көз карандысыз соттору жарандардын жана уюмдардын кунумдук жашоосунда укука каршы чечимдерден, ченемдик жана ченемсиз актылардан, аткаруу бийлигинин органдарынын жана жергилуктуу башкаруу органдарынын кыймылынан жана кыймылсыздыгынан эффективдуу коргоону камсыз кылууга шыктуу. Так ушул, административдик сот өндуруш институтунун маңызын тузөт. Эгерде конституциялык укуктук адилеттуулук бул конституциянын негизи жана гаранты болсо, анда административдик укук адилеттуулугу жергилуктуу башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын, ошондой эле аткаруу бийлигинин кыймылдыгына (кыймылсыздыгына) жана актыларына (ченемдик, ченемсиз), жана буткул ыкмаларына каршы болгон укуктарды коргоону камсыз кылуунун негизи жана гаранты болуп эсептелинет.

Бирок жогоруда белгилеп кеткендей, бугунку кундөгу жалпы юрисдикциянын ситемасындагы административдик юрисдикциянын орунунун конституциялык тушунугу дагы деле реалдуу турундө ачыла элек, так айта кетсек Кыргыз Республикасынын административдик сот өндурушу фактикалуу турунде ишке аша элек. Конституцияны кабыл алган учурдан баштап азыркы учурга чейин административдик сот өндурушунун өз алдынча укуктук жөнгө салуу системасы болбогон. Бул системага төмөндөгу укуктук ченемдик актылар кирет: "Административдик тартип боюнча" мыйзам, "Жарандардын кайрылуусу боюнча" мыйзам, Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодекси, Кыргыз Республикасынын Салык кодекси, Кыргыз Республикасынын Бажы кодекси жана Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик боюнча кодекси.

Көрсөтулгөн мыйзамдар материалдык жана процессуалдык ченемдерди камтыйт. Белгилеп кетсек, материалдык укуктук актылар процессуалдык ченемдерди камтыйт, жарандык кызыкчылыктарын коргоодо кеп аспектилерге карама-каршы турат. Мисалы, Салык кодексинин 147-беренесине ылайык жарандык укукту бузган процес-суалдык ченемдер бар.

Дагы белгилеп кетчу нерсе Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодекстин (текстте ЖПК) 26 бөлумунө ылайык кызмат адамдарынын жана башка бийлик органдарынын кыймыл аракетине же (кыймыл аракетсиздигине) жана чечимдерине даттанышы мумкун.

Кээ бирде жарандар аларды мыйзамсыз турундө жоопкерчиликке тартылгандыгы боюнча арыз менен сотко кайрылганга укуктуу.

Административдик укук бузуу иштери боюнча соттун токтомдорун жана чечимдерин кайрадан кароодогу процессуалдык регламентти колдо-нуу суроосу кебуреек дискуссияланат, буга эки укуктук ченемдик актын болуусу себеп болуп эсептелинет. Эмне дегенде булардын ар бирөө алар ЖПК же Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик боюнча кодекси менен, жергиликтуу соттор белгилеген категориядагы иштердин кароосунда ар бирөө өзунун өзгөчөлугун аныктайт.

Административдик укук бузуу иштеринин чечимин жана токтомдорун кайрадан карап чыгууда, бул жерде мыйзамсыз жоопкерчилике тартылуу женундегу соттук актыларды талашуу боюнча сез болуп жатат, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 260- беренесинин 1-пунктунда көрсөтулгөн жеке мамилелерден пайда болгон иштердин негизине төп келишет. Бирок практикада соттор Кыргыз Республикасынын ЖПК 26-бөлумундө көрсөтулгөн процессуалдык регла-ментти колдонбостон Кыргыз Республикасынын административдик жоопкерчилик кодексинин 3738 бөлумун колдонушат. Бул Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик боюнча кодексинун бөлумундө бул иштерди кароодогу өзгөчөлуктөр соттук коргоонун кепилдиктерин чектейт. Ошол эле убакта административдик укук бузуу иштери боюнча жарандык сот өндурушу менен Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик боюнча кодексинде көрсөтулгөн өндуруштөр өз алдынча эки башка укуктук жөнгө салуу сферасын көрсөтөт, анткени алардын ар бирөө өзгөчө укуктук мамилелердин субъективдуу курамы соттук териштируунун предмети жана атайын укуктук ченемдик актылар менен тиркелген. Алар ар кандай мыйзамдык регламенттин бардыгы менен мунөздөлөт.

Мындайча көз караш менен төмөндөгудөй жагдай орун албашы керек бир укуктук тармактын ченемдери (административдик) жарандык процессуалдык укуктук мамилелерди ага чочун жарандык процессуалдык укуктук мамилелерди жөнгө салып турганы. Анткени жарандык процес-суалдык укуктук мамилелердин милдетту турдө катышуусу сот болуп эсептелинет. Мындай мамилелер пайда болгондо бир гана процессуалдык мыйзамда жазылган тартипке ылайык кыймыл аракет жасоого милдеттуу. Ушуга байланыштуу административдик жооркерчиликке тартылуу боюнча иштердин чечимдери жана токтомдоруна болгон даттаналуулар Кыргыз

Республикасынын ЖПКнын 26-бөлумундө көрсөтулгөн процессуалдык эрежени колдонуу менен каралышы керек.

Ушуга байланыштуу автор жалгыз административдик кодексти жаратууну сунуш кылат. Бул жерде Кыргыз Республикасынын ЖПКдеги жана Административдик өндуруш боюнча кодексиндеги ылайыктуу бөлуктерду алып салып бул тартипти атайын административдик сот өндуруш кодексине киргизуу керек. Ошондо администра-тивдик жоопкерчилике тартуу боюнча токтомдорго даттануу жана башка учурларда сотторго кайрылуу учурларын бир кодификацияланган акт жөнгө салып турат.

Ошондуктан административдик сот өндуруш институтун тузуудөгу негизги маселеси бул процессуалдык ченемдердин тутумунун жоктугу. Административдик иштерди жарандык сот өндурушунун тартибинде каралуусу административдик сот өндуруш институтунун тармагы болуп калды десек жаңылышпайбыз (П.П Серков, В.В Слепченко, А.В Абасалямов ж.б.). Себеп дегенде "Укук коргоо мумкунчулуктөрун толук өлчөмундө ачылышына" тоскоолдук кылат. Анткени жарандардын жана уюмдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сот акыйкат-тыгы тарабынан камсыз кылууга укук аныкталбагандыгы жаратат.

Административдик иштер кароосу жалгыз административдик процесстик эрежелер тарабынан өндурулушу керек. Мунун арасында административдик укуктук мамилелердин пайда болушу иштердин кароосун жөнгө салуу процесси жогоруда белгиленген жарандык процессуалдык мыйзамдарда чоң айырмалар бар, жана башкысы алар административдик сот өндурушунун өзгөчөлугун билдирбейт. Аларда жеке укуктук ченемдерин колдонуусу менен байланышта болгон укуктук мамилелерден пайда болгон иштерди кароодогу соттук тартипти аныктайт. Бул укуктук мамилелерде субъектердин тең укуктуу жана өз эрки, өзунун кызыкчылыгында укук жана милдеттерди алышат.

Административдик укуктук мамилелерде алардын субъектилердин тең укуктуулугу факты жузундө жок. Буга байланыштуу бул укуктук мамилелерден келип чыккан иштерди кароодо башка методология жана башка процессуалдык эрежелер колдонушу керек. Административдик өндурушту өз алдынча жана бут тараптуу укуктук жөнгө салуу муктаждыгы бир нече мыйзам проектилери менен даярдоосу менен байланыштуу.

Ошондо, 2013-жылы тарыхта, биринчи болуп Кыргыз Республикасынын Конституциясы өзгөчөлөнгөн сотторду тузуу мумкунчулугун берди. Андан сырткары 2013-жылы 2- февралында Кыргыз Республикасынын сотторунун респу-бликалык жыйынында орун алган мурунку президенти А.Акаевдин чыгуусундагы көрсөтулгөн маселелердин бири болуп административдик сотторду жаратуунун муктаждыгы келип чыккан. Бул жыйындын негизги ою административдик сотторду тузуу маселесин карап чыгуу болчу.

Айтылгандарды эске алсак белгиленген ишмер группасы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын мыйзам проектисин иштеп чыккан. "Административдик соттор жөнундө" деген проектини иштеп чыккан жана

Кыргыз Республикасынын президентинин кароосунда өз убагында киргизген.Тилекке каршы жогоруда белгиленген мыйзам проекти кабыл алынган жок.

2007- жылы 7- февралда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары менен административдик процессуалдык кодекси проекти киргизилген. Бирок бул кодекс тушунуксуз жана Кыргыз Республикасы жаңы кабыл алган Конституциялык ченемдерине ылайык келбегендиктен сунушталган проект кабыл алынган эмес.

Бирок административтик сот өндуруш институтун тузуу проблемасын чечуугө биринчи жолу 2012 жылы эң кучтүу саясий туртку берилген. Кыргыз Республикасынын Президенти өзунун 2012 жылдын 17 январындагы №6 "Кыргыз Республикасындагы сот адилеттуулугунун деңгээлин жогорулатуу боюнча чаралары жөнундө" буйрук киргизген. Бул буйрук сот өндуруш жана сот тузулуштун системаларынын деңгээлин жогорулатуу максатын өзунө камтыган, так айта кетсек административдик мыйзам чыгаруу жана сот өндуруш тармагынын өсуусунө шарт тузуп беруу, буйруктун 3.3.4 пунктарында карап чыккан:

- административдик укуктун өнугуу коцепциясын иштеп чыгуу
- административдик процессуалдык кодексти ишке киргизуу жана андан административдик ишти кароодогу жарандык процессуалдык ченемдерди алып салууну иштеп чыгуу.
- адистештирилген административдик сотторду тузуу ( башкы этапта районаралык соттордо атайын административдик иштерди кароо учун соттордун адистигин киргизуу.)
- мамлекеттик органдардын, жергилуктуу башкаруу органдардын жана административдик укук бузуу иштерине карата административдик өндуруу чараларын колдонууга ыйгарым укуктары бар кызмат адамдардын токтомдоруна даттануу иштерин кароону административдик сотторунун тиешелуулугунөн алып чыгуу жана бул иштерди райондук соттуулугуна беруу ( жазык жана административдик укук бузуу иштери боюнча сотторго, жана апелляциалык инстанциядагы ылайык соттордун коллегиясына)
- административдик жоопкерчиликтин суроолорун жөнгө салып иштеп турган мыйзам чыгаруунун базасында процессуалдык жана материалдык ченемдерди өзунө камтыган биринен-бири белунген укутук ченемдик актыларды иштеп чыгуу
- административдик органдарынын ишмердуулугунун жалпы принциптерин, административдик органдардын актыларына жана кыймылсыздыгына даттануу тартибин сотко чейинки кароо милдетин өзунө камтыган, бириктирилген административдик тартиптерди аныктаган жаңы административдик тартиптер боюнча мыйзамды иштеп чыгуу.

Автор катары Кыргыз Республикасынын президентинин позициясын толук колдойм, жана акырында административдик сотторду жаратуу, ошондой эле, Кыргызстанда толук административдик сот өндурушту ишке киргизуу боюнча чечим кабыл алышы керек деп эсептейм. Бирок бул жерде, өзуннөн өзу суроо пайда болот, келечекте административдик соттор

институтун куруудa кайсы укук ченем актылар менен ачык талаш - тартыштардан пайда болуп административдик иштер жөнгө салынат деген.

Азыркы учурда мыйзам чыгаруучу административдик сот өндурушу институту учун "жеңил жол тандап алды" - ачык жана административдик укук мамилелери келип чыккан иштерди кароодогу эрежелерин Кыргыз Республикасынын Жарандык Процессуалдык кодекснде жаңыртып койду (КР ЖПК 26 бөлугу).

Административдик сот өндурушунун институту мындай жол менен тузулушу туура эмес экендигин убакыт өзунун ишендуулугу менен көрсөтту. Административдик сот өндурушунун институтунун өнугушу бир гана анын укуктук көлөмунун ар турлуу булактарда көбөйгөндугу менен эле байланышта эмес. Бул сферадагы коомдук мамилелерди комплекстуу жөнгө салуу учун тутумду тузгөн мыйзам керек. Тутум тузгөн мыйзамдын бааланбаганы бир гана административдик сот өндуруш институтунун деңгээлине гана карама-каршы чагылдырылбайт. Ошондой эле ал соттор тарабынан административдик иштерди кароодогу процесстик тартиптин тутумдук кемчиликтерин шарттандырат.

Административдик сот өндуруш институту бул жарандар жана юридикалык жактар менен мамлекттик башкаруу органдарынын ортосунда пайда болгон талаш тартышты чечуучу сот процессуалдык тартиби.Мамлекеттик жөнгө салуучу жана ачык саясат бийлиги бул- ачык укуктук жөнгө салуу сферасы болуп эсептелет,эмне дегенде ал ачык кызыкчылыгын көрсөтөт. ЖПК мындай тутумсуз, узгултуксуз нормаларды киргизуу эмес, бул институттун езгечелугу адекваттык укуктук бекитуусу талап кылат.

Ушу менен катар процессуалдык мыйзамдык формасынын, суроосу, административдик укук адилеттуулукту жөнөтуу регламентин жөнгө салуу, боюнча - бул административдик сот өндуруш кодекси болуп эсептелинет

## АДАБИЯТТЫН ТИЗМЕСИ:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2010- жылы , 27 июнда буткул элдик добуш беруу менен кабыл алынган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен ишке киргизилген).

2. Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодекси (1999-жылы 29-декабрда кабыл алынган).

3. Л.А Николаеванын, А.К Соловьеванын редакциясындагы Административдик сот ендурушу жана ЖПК жацы проектиси//Россия укугунун журналы 1998.№2.

4. И.В Панованын арбитраждык сот системасындагы административдик сот өндурушу// Россия.сот 2012.№12.С.13.